А.З Азаматова,
Кыргыз Республикасынын
ИИМинин Академиясы

МЕКЕНЧИЛДИКТИ ТАРБИЯЛООДО ГУМАНИТПРДЫК САБАКТАРДЫН ПОТЕНЦИАЛЫ

Терең мекенчилдик сезимди тарбиялоо, Ата-Мекенди сүйүү инсандын ар тараптуу өнүгүшүнүн жалпы системасынын керектүү бөлүгү катары каралгандыктан, курсанттарды мекенчилдикке тарбиялоо проблемасы келип чыкты.

Ички иштер министрлигинин системасында милиция кызматкерлери башкы орунду ээлешет, себеби аларга кыргызстандын жарандарынын укуктарын коргоо, коомдук тартипти сактоо, укук бузууларга алдын ала чара көрүү, массалык баш аламандыктарды жөндөө, өлкөнүн аймагындагы кылмыштык уюмдардын жана аскер конфликтеринин локалдуу борборлорун ыкчамдуу түрдө жок кылуу функциялары жүктөлгөн.

Айтылган маселелерди жана функцияларды иш жүзүнө ашыруу келечектеги жогорку профессионалдуу, билимдүү кадрларды даярдоо, укук тартибин коргоочуларын, Мекендин патриот сакчыларын тарбиялоо менен байланышта.

Кыргыз Республикасынын билим берүү мекемелеринде курсанттардын эң маанилүү иш-аракети болуп окуу эсептелет, ошондуктан ал курсанттын керектүү кесиптик маанилүү сапаттарын: адеп-ахлактык бекемдигин, сатылбастыгын, антка жана милдетке бекемдигин, айлана-чөйрөнүн укукка каршы таасирине туруштук берүүсүн, жеке эр жүрөктүүлүгүн, эрктүүлүгүн, адамкерчилигин өнүктүрүү үчүн уюштурулушу керек, демек, окуу процесси профессор-окутуучу курамынын, курстун офицер-тарбиячыларынын жана тарбиялоо, окуу инспекцияларынын жамаатынын максаттуу, системалуу, уюштурулган иш аракеттери болуусу зарыл.

Академиянын негизги милдеттери Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 8-майындагы № 256 Токтомунда бекитилген Кыргыз Республикасынын ИИМинин генерал-майор Э.А.Алиев атындагы Академиясынын Жобосунда аныкталган. [3]

Бүгүнкү күндө милиция кызматкерлерин даярдоо, окутуу жана тарбиялоо азыркы мезгилдин талабына жооп берет. Академия армияга жашы жете элек жаш улан – кыздар менен комплектелинет, окуу убагы 5 жыл, окууну аяктагандан кийин курсанттарга “милициянын лейтенанты” деген наам берилет. Кыргыз Республикасынын атайын окуу жайларына кабыл алынгандан кийин курсанттар атайын режимдик шартка туш болушат: уставдык талаптар, тартип, субординацияны сактоо, кароолдук кызматты алып баруу ж.б.[2].

ИИМдин окуу жайларында окуу-тарбия ишмердиги курсанттардын башкы маанилүү иш-аракети болгондуктан, ал ишмердикти укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин инсандык жана кызматтык маанилүү сапаттарын: адеп-ахлактык туруктуулугун, сатылбастыгын, антка бекем туруусун, укукка каршы агрессивдүү чөйрөнүн таасирине туруштук берүүсүн, жеке эр жүрөктүүлүгүн, эрктүүлүгүн, адамкерчиликтүүлүгүн ж.б. өнүктүрүү мүмкүнчүлүктөрүн камсыздоо үчүн уюштурулушу керек.

Мамлекеттик стандарт боюнча милдеттүү предметтерден тышкары окуу планда окуу үчүн керектүү атайын курстар жана предметтер киргизилет. [4]

Академияда курсанттар юридикалык дисциплиналар менен бирге фундаменталдык илимдерди да окуп үйрөнүшөт. Курсанттардын мекенчилдик сапаттарын калыптандыруу негизинен гуманитардык дисциплиналарды окуу аркылуу, аскердик даярдык жана дене тарбия сабактарында жүргүзүлөт. Жалпы милициясынын тарыхы, ички иштер кызматкерлеринин этикасы, политология, культурология. философия, экология, педагогика жана психология, Манас таануу, ички иштер органдарынын кызматкерлеринин тарбиясы ж.б. кирет.

Аталган дисциплиналардын мазмуундары курсанттарды мекенчилдикке тарбиялоодо, теоретикалык жана практикалык жактан түздөн түз жана кыйыр байланышта болоорун көргөздү. Бир гана 5-курс үчүн “Ички иштер органдарындагы тарбиялык иштер” предметинин календардык тематикалык планында “Ички иштер органдарынын кызматкерлеринин жарандык жана мекенчилдик тарбиясы” деген тема киргизилип, аны окуп-үйрөнүүгө 2 саат берилген.

Окуу планына киргизилген гуманитардык дисциплиналарды окутуу процессинде тарбиянын ар түрдүү багыттарына тиешелүү тарбиялык маселелер чечилет: акыл-ой жана адеп-ахлактык, экологиялык, экономикалык, мекенчилдик, укуктук, эмгекке тарбиялоо, дене тарбия, эстетикалык, этикалык ж.б.

Окуу процессинде тарбиянын аталган бардык түрлөрү комплекстүү, интегративдүү түрдө ишке ашырылат, гуманитардык дисциплиналардын теоретикалык негиздерин окуп үйрөнгөндө гана курсанттардын жеке жана кызматтык сапаттарын тарбиялоо жөнүндө айтсак болот, ошондой эле алар томондогүдөй сапаттарга ээ болушат:

- заманга жараша илимдик көз караш;
- мекенчилдик ишеним;
- жарандык позиция;
- адеп-ахлактык аң-сезим;
- жалпы (экологиялык, укуктук, физикалык ж.б.) маданияттуулук.

Гуманитардык дисциплиналарды окуп үйрөнүүнүн негизинде гана курсанттар өздөрүнүн социалдык – адеп-ахлактык жана жалпы маданияттуулугунун өнүгүүсүндө маанилүү сапаттык өзгөрүүлөргө жетишишет, өзүн өзү өстүрүүнүн методикаларын жана негиздерин өздөштүрүшөт.

Педагогикалык жаңы технологиялардын эффективдүү колдонулушу гуманитардык дисциплиналарды окутууда тарбиялык мүмкүнчүлүктөрдүн формалары жана ыкмалары курсанттардын инсан катары тарбиялануусун жана өнүгүүсүн камсыздайт, жашоодогу маанилүү суроолорго өздөрүнүн жеке адеп-ахлактык жана жарандык позицисын көрсөтүүгө түрткү берип, социалдык маданияттуулук тажрыйбасын кеңейтет.

Коомдук – гуманитардык илимдерди өздөштүрүүдө курсанттар тарыхтан, коомдук жашоодон, философиядан, саясаттан ж.б.жаңылыктарды алышат, ал жаңылыктар курсанттардын адамдардын ортосундагы өткөн жана азыркы учурдагы карым катнаштарына жеке-эмоционалдуу ой жүгүртүүсүнө өбөлгө түзүп, демократиялык коомдун баалуулуктарын түшүнүүсүн, инсандын маанилүү сапаттарын – толеранттуулукту, адеп-ахлактыкты, жарандык позицияны, мекенчилдик ишенимди калыптандыр.

Изилдөөчүнүн оюу боюнча курсанттардын мекенчилдик сапаттарын калыптандырууда «Кыргыз тил», «Манас таануу», «Кыргыз тарыхы», «Ички иштер органдарынын ишмердигинин демократиялык негиздери» дисциплиналарын өздөштүрүү өзгөчө маанилүү, себеби алар курсанттардын руханий адеп-ахлактыктыгын, маданиятын, интеллектуалдык жана баарлашуу деңгээлин жогорулатып, курсанттардын мекенчилдик сезимдерин - Мекени, кыргыз эли менен сыймыктануусун калыптандырат.

Өз тилиңди билбей, ал тилде сүйлөбөй туруп, мекенчил болуш мүмкүн эмес [6]. Кыргыз тилинин улуттун калыптанышына тийгизген ролун, улуттун маданияты, Кыргызстандын тарыхы менен тыгыз байланышын түшүнүү курсанттардын мекенчилдик тарбиясынын башкы элементи болот. Азыркы учурдун талабына ылайык кыргыз тил грамматикасын үйрөтүү менен бирге мамлекеттик тилде иш алып барууну да курсанттарга окутуу зарыл, себеби Октябрь революциясынан кийинки Кыргыз мамлекеттигинин 70 жылдык жашоосунда кыргыз тили унутулуп, ооз эки баарлашуу, иш кагаздары орус тилинде жазылып келгендиги белгилүү факт.

Курсанттарды Мекенин сүйүүгө, коргоого, керек болсо мамлекеттин көз карансыздыгы, элибиздин эркиндиги үчүн жанын берүүгө даяр болууга үндөгөн «Манас таануу» предметинин салымы эбегейсиз. «Манастын жети осуятында» камтылган: элдин биримдүүлүгү, толеранттуулук, гумандуулук, интернационалдуулук, улуттук ар-намыс жана мекенчилдик идеяларды окуп үйрөнүүгө багытталган бул сабакта курсанттар "Манас" эпосу менен тыгыз иштешип, кыргыз элинин өткөн тарыхы, маданияты, үрп-адаттары, каада-салттары менен да таанышууга мүмкүнчүлүк алышат.

Азыркы учурда эпосту окуунун өзгөчө актуалдуулугун президент А.Атамбаев өзүнүн "Кыргызстандын элинин тарыхый жана маданий мурастарын окуп-үйрөнүүнү тереңдетүү жана жарандык атуулдукту калыптандыруу боюнча чаралар" жөнүндө жарлыгында мындай деп белгилеген: "Философиялык терең маңызга ээ болгон чыгарма кыргыз элинин тарыхынын жана руханий турмушунун миң жылдык тажрыйбасын чагылдырган элдик акыл-ойдун уюткулуу кенчи болуп эсептелет. Көптөгөн муундар "Манас" эпосунун саптарында тарбияланган, ал саптар бүгүнкү XXI кылымга да бап келип турат. Жарандардын, өзгөчө жаштардын эпосту жакшы билбегендиги анын маанисин жана ролун кемитип, терс тенденцияларды, анын ичинде жердешчиликти жана улутчулдукту жаратат, бул тарыхый жана маданий тамырларды, муундардын өз ара байланышын жоготууга барабар" .[1]

Курсанттарды Ата-Мекендин тарыхы аркылуу тарбиялоо, алардын жарандык жана мекенчилдик сезимдерин калыптандырып, курсанттардын тандаган кесибин урматтоосун, кызматтык милдеттерин Конституциянын, мыйзамдардын, Анттын талаптарына ылайык аткаруу керек деген ишенимдерин пайда кылып, ички иштер органдарынын традицияларына берилгендиктерин тарбиялайт [2].

ИИМдин окуу жайларында курсанттардын мекенчилдик сапаттарын тарбиялоо процесси алардын моралдык-саясаттык жана психологиялык сапаттарын калыптандыруу менен тыгыз байланышта. Анын базасына жаштардын мамлекеттин жарандарынын кызыкчылыктарын коргоого психологиялык жактан даярдыктары кирип, курсанттардын кызматтык милдеттерин тынчтык шартта да, экстремалдык кырдаалдарда да ишеним менен аткаруу жөндөмдүүлүктөрүн күчөтүүчү инсандык психикалык касиеттерин калыптандыруу болжолдонот.

Психологиялык даярдык процесси курсанттардын күндөлүк кызматтык ишмердигинде болуучу кыйынчылыктарды, катаал сыноолорду, кызматтык татаал жана коркунучтуу кырдаалдарды, моралдык жана физикалык кыйынчылыктарды туруктуулук менен баштан өткөрүүгө даяр болууга жетишүүнү, ошондой эле психологиялык бекемдик, өзүн өзү токтото билүү, эрктүүлүк жана кайраттуулук көрсөтүү жөндөмдүүлүктөрүн калыптандырат.

Гуманитардык сабактарды окуп үйрүнүүдө гана курсанттар өздөрүнүн социалдык-нравалык жана жалпы маданияттык өнүгүүсүндө сапаттуу өзгөрүүлөргө жетишишет, ошондой эле өзүнүн денесин физикалык жактан өнүктүрүүнүн жана акылын өстүрүүнүн негиздерин, методикаларын өздөштүрүшөт.

Адабияттар

1. Атамбаев А. «Кыргызстандын элинин тарыхый жана маданий мурастарын окуп-үйрөнүүнү тереңдетүү жана жарандык атуулдукту калыптандыруу боюнча чаралар жөнүндө» Жарлыгы, 27-январь 2012-ж. "Токтом Корпорация Про" маалымат укуктук системасы.

2. Закон КР от 7 августа №117. Об уставе внутренней службы Вооруженных сил. КР. ЗС ЖК КР 18.06.1998 г. – Б.: "Барчын"-"Ала-Тоо", 2000 .

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн № 256 Токтому. КР ИИМнин генерал-майор Э. А. Алиев атындагы Академиясы жөнүндө жобосун бекитүү тууралуу. 8-май 2000-жыл. "Токтом Корпорация Про" маалымат укуктук системасы.

4. Врем. ГОСВПО от 22 июня 2004 г. №434/1

5. Кикоть В.Я. / Учебник / Воспитательная работа с личным составом в системе Министерства внутренних дел Российской Федерации.- М.; ЦОКР МВД РФ, 2009. С.107.

6. Саипбаев С. Идеи воспитания подрастающего поколения в киргизской народной педагогике / на материалах малых эпических форм кирг. фольклора: Автореф. дис....канд. пед. наук. -Ф., 1979.

7. Ена А.С. Потенциал предметов гуманитарного цикла в патриотическом воспитании. // Нравственно-патриотическое воспитание курсантов Московского университета МВД России-фундаментальная основа подготовки высокопрофессиональныхтспециалистов ОВД: Научно-практическое издание / Под ред. Н.В. Румянцева, С.С. Пылева. –М.: Изд. "Щит-М", 2009.-С.446.